**2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинде жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудити жөнүндө**

# ОТЧЕТ

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылга карата аудитордук иш планына жана Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын 2023-жылдын 13-сентябрындагы №06-1/725, 2024-жылдын 26-февралындагы № 06-1/132, 2024-жылдын 13-мартындагы №06-1/197 буйруктарына ылайык, аудитор В.А. Садовниковдун жетекчилиги алдында башкы мамлекеттик инспекторлор Ш.У. Сатимбаев, А.А. Шамшиев, мамлекеттик инспекторлор Ж.М. Акболушов, У.А. Байтереков, Жеңиш кызы Н., Ж.Д. Абалиев, Ф.К. Мухажанова тарабынан 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинде жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүндө бюджеттин аткарылышына шайкештик аудити жүргүзүлдү.

**Жооптуу тарап жана аудит субъектиси**

Ушул аудитке карата жооптуу тарап жана аудит субъектиси болуп Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги (мындан ары – Министрлик) эсептелет.

**Аудит субъектисинин милдеттери**

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин жалпы милдеттерине мамлекеттик каражаттарды башкаруу жана мыйзам чыгаруучу орган тарабынан берилген ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу, ошондой эле бул аудиттин предмети кирет.

**Аудит жүргүзүү мезгилинде каржылоону бөлүштүрүүчүлөр болуп төмөндөгүлөр эсептелген**

Биринчи кол коюу укугу менен: министр: - К.Б. Базарбаев;

Экинчи кол коюу укугу менен: Бюджеттик пландаштыруу башкармалыгынын начальниги - Х.С. Думанаева.

**Аудитордун жана аудитордук топтун милдети**

Аудитордун жана аудитордук топтун милдети жүргүзүлгөн аудиттин негизинде Министрликтин бюджетинин аткарылышы мыйзамдын талаптарына (аудиттин критерийлерине) ылайык келүүсү жөнүндө өз алдынча корутундуларга келүү болуп саналат. Аудит корутундуларды тастыктоо үчүн жетиштүү жана тийиштүү далилдерди алуу үчүн жол-жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор аудитордун кесипкөйлүк пикирине, анын ичинде алдамчылыктан же катадан улам олуттуу шайкеш келбей калуу тобокелдигине баа берүүдөн көз каранды. Аудит аткарылган аудитордук жол-жоболор шарттарга ылайыктуу жана алынган аудитордук далилдер бул отчетто баяндалган корутундулар үчүн негиз болуп берүү үчүн жетиштүү жана ылайыктуу деп эсептейт.

**Аудиттин критерийлери**

Аудиттин критерийлери, Министрликтин бюджетинин Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларына жана ички ченемдик укуктук актыларына ылайык аткарылышын изилдөө:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси;
- “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө”, “Кыргыз Республикасындагы калкты социалдык жактан тейлөөнүн негиздери жөнүндө”, “Кепилденген мамлекеттик минималдык социалдык стандарттар жөнүндө”, “Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын укуктары жана кепилдиктери жөнүндө”, “Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жөнүндө”, “Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө”, “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө”, “Бухгалтердик эсеп жөнүндө”, ж.б. Кыргыз Республикасынын Мыйзамдары;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 14-майындагы № 153 “Калктын аялуу катмарларынын айрым категорияларына мамлекеттик колдоону күчөтүү жөнүндө” Жарлыгы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтомдору:

- 2007-жылдын 30-декабрындагы № 640 “Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин социалдык стационардык мекемелеринин жана реабилитациялоо борборлорунун мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрүн алуучуларды багуунун мамлекеттик минималдуу социалдык стандарттарын бекитүү жөнүндө”;
- 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 “Кыргыз Республикасынын калкын социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө”;
- 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу тууралуу”

- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 252 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлиги жөнүндө” жобо;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2022-жылдын 15-июлундагы № 385 токтому менен бекитилген “Социалдык контракттын негизинде социалдык жардам берүү жөнүндө” жобо;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 29-декабрындагы № 823 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жөлөкпулдарды жана акчалай компенсацияларды төлөө тартиби жөнүндө” жобо;
- ошондой эле ушул системаны жөнгө салган актылар жана Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети, Министрликтин каражаттарын башкарууну уюштуруу, саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу, эмгек жана калкты

социалдык жактан коргоо чөйрөсүн өнүктүрүү, өз убагында, жарандардын жана жөлөкпул алууга укугу бар адамдардын социалдык жактан аялуу категорияларына, турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөргө жана балдарга сапаттуу мамлекеттик, социалдык кызмат көрсөтүүлөр жана төлөмдөргө, жогорку деңгээлдеги иш-аракеттерди камсыз кылуу боюнча иш-аракеттердин мыйзамдарга ылайык келишине баа берүү.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Иш INTOSAI аудитинин негизги принциптерине жана Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 19-декабрындагы №01-26/123 жана 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтомдору менен бекитилген Шайкештик аудити боюнча колдонмолорго ылайык жүргүзүлдү. Аудитордук тандоо жол-жоболорун жүргүзүүдө Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2018-жылдын 15-мартындагы №01-26/44 токтому менен бекитилген “Аудитордук тандоонун жол-жоболорун колдонуу боюнча методикалык сунуштар” пайдаланылды.

**Этикалык талаптарга шайкештиги**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык талаптардын сакталышын, ошондой эле аудиттин предмети бардык олуттуу аспектилери боюнча мыйзамдык жана жөнгө салуу ченемдеринин талаптарына ылайык аудитти пландаштырууну жана жүргүзүүнү талап кылат.

**Аудит субъектисинин кыскача мүнөздөмөсү**

Министрлик эмгекти коргоо жана калкты иш менен камсыз кылуу, калкты социалдык коргоо, анын ичинде жарандардын социалдык жактан корголбогон категорияларын, турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарды, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү адамдарды жана улгайган жарандарды колдоо, социалдык камсыздоо жана гендердик теңчилик, үй-бүлөлүк зомбулуктан коргоо жана сактоо жана миграция, анын ичинен иммиграннттардын, этностук кыргыздардын жана качкындардын, ошондой эле Кыргыз Республикасынын адам сатуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүү чөйрөсүндөгү мыйзамдарынын алкагында адам сатуунун курмандыктары маселелери чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу боюнча функцияларды жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болуп саналат.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Бул аудиттин жүрүшүндө Министрликтин ишмердүүлүгүнө тиешелүү ченемдик укуктук документтер, ички ченемдик документтер жана бюджеттик каражаттардын пайдаланылышына баалоо жүргүзүлдү.

Аудит убакыттын жана адамдык ресурстардын чегинде, Министрликтин жооптуу кызмат адамдары тарабынан берилген маалыматтардын жана документтердин негизинде жүргүзүлдү, ушуга байланыштуу аудит субъектиси тарабынан берилген маалыматтарда жана документтерде каталарды жана бурмалоолорду аныктабай калуу тобокелдигине болгон укукту өзүнө калтырат. Аудитке берилген маалыматтардын, отчеттордун

тууралыгына министр жана Министрликтин жооптуу кызмат адамдары жооптуу.

Шайкештик аудитинин тандалма методу ички аудит кызматтары тарабынан жүргүзүлгөн текшерүүлөрдү эске алуу менен статистикалык эмес тандоо методу менен колдонулган.

**Корутунду**

Аудит тарабынан жүргүзүлгөн иш-чаранын жыйынтыгында төмөндөгү баяндалган айрым жагдайларды кошпогондо, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин иши олуттуулуктун көлөмү жана мүнөзү боюнча аудитке камтылган учурларында, бардык олуттуу аспектилерде мыйзамдык жана жөнгө салуучу ченемдерге шайкеш келери аныкталды.

**Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктардын жана сунуштамалардын аткарылышы**

**Аныкталды жана Корутунду**

Аудит учурунда 2018-жылдын бюджеттин аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча 26-пункттан турган жазма буйруктун 7,25-пункттары жарым жартылай аткарылган, калган пункттары жана сунуштама толугу менен аткарылган.

2020-жылга карата жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча жазма буйруктун 1-пункту жарым жартылай аткарылган, калган пункттары жана сунуштама толугу менен аткарылган.

2021-жылга карата жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыктары боюнча Министрликке жөнөтүлгөн 25-пункттан турган сунуштаманын (20.12.2022-ж. №01-23/241) 8,13,14-пункттары жарым жартылай аткарылган, калган пункттары толугу менен аткарылган, ал эми 7-пункттан турган жазма буйруктун (20.12.2022-ж. №01-23/240) 1-пункту жарым жартылай аткарылган, калган пункттары толугу менен аткарылган.

**Сунуштама**

Мурунку аудиттердин жыйынтыктары боюнча берилген жазма буйруктардын жана сунуштамалардын толук аткарылышы камсыздалсын:

- 02.10.2019-жылдагы №01-23/218 жазма буйругунун 7,25-пункттары;
- 30.03.2022-жылдагы №01-23/75 жазма буйругунун 1-пункту;
- 20.12.2022-жылдагы №01-23/241 сунуштаманын 8,13,14-пункттары;
- 20.12.2022-жылдагы №01-23/240 жазма буйругунун 1-пункту.

**Стратегиялык пландардын аткарылышы**

2022-жылы Министрлик тарабынан 2018-2040-жылдары Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясында жакырчылыкты азайтуу максатында жогорку деңгээлдеги эмгек акы төлөнүүчү жогорку технологиядагы иш орундарын түзүү, калктын экономикалык жана ишкердүүлүк активдүүлүгүн күчөтүү боюнча чаралар каралган жана 2022-жылга Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин Иш-аракеттер планында жана Антикризистик чаралар планында, Кыргыз

Республикасынын Президентинин “Баткен областынын чек ара айылдарын калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча биринчи кезектеги чаралар жөнүндө” Жарлыгын Ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планында, 2022-2023-жылдарга Кыргыз Республикасында Башкарууну санариптештирүү жана санариптик инфратүзүмдү өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планында көрсөтүлгөн тапшырмаларды аткаруу боюнча иштер жүргүзүлгөн.

2022-жылдын 1-январынан тартып “үй-бүлөгө көмөк” мамлекеттик жөлөкпулун алган муктаж жарандар (үй-бүлөлөр) үчүн электр энергиясына тариф азайган, айына 700 кВтс чейин керектегенде, 1 кВтс үчүн 50,0 тыйын өлчөмүндө аныкталган (*КР Президентинин 2021-жылдын 6-декабрындагы № 546 Жарлыгы*). Ошондой эле, тамактанууга чыгымдардын акчалай ченемдери 100%га көбөйгөн, б.а. 1 кишиге суткасына балага - 220 сом жана чоң кишиге - 200 сом каралган (*КР Президентинин 2021-жылдын 6-декабрындагы № 545 Жарлыгы)*. Бул ченем менен 2,3 миң адам камтылган.

Жарандардын айрым категорияларына ар айлык социалдык жөлөкпулдардын өлчөмдөрү жогорулаган (КР Президентинин 2021-жылдын 9-сентябрындагы № 373 Жарлыгы). Ошентип, 2021-жылдын 1-октябрына чейинки эсептелген ар айлык социалдык жөлөкпулдардын өлчөмүнөн 2021-жылдын 1-октябрынан тартып социалдык жөлөкпулдардын өлчөмдөрү 50%га, 2022-жылдын 1-январынан тартып – 100%га жана 200%га көбөйтүлдү. Бүгүнкү күндө ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар 8000 сом алат (көбөйтүлгөнгө чейин - 4000 сом).

2022-жылдын 1-июнунан тартып 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) - 810 сомдон 1200 сомго (50 %), жалпы оорудан ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү (ДМЧ) адамдарга категорияларына карата 1500 сомдон 5500 сомго, ата-энесинин биринен айрылган балдарга - 2000 сомдон 3000 сомго, баатыр энелерге - 2500 сомдон 3000 сомго, улгайган жарандарга - 1500 сомдон 2000 сомго чейин мамлекеттик жөлөкпулдардын өлчөмү көбөйтүлгөн (*КР Президентинин 2022-жылдын 14-майындагы № 153 Жарлыгы*).

2022-жылдын 1-июнунан тартып бирөөнүн багуусуна жана көзөмөлүнө дайыма муктаж болгон I топтогу бала кезинен ДМЧ адамдардын (18 жаштан жогору) жеке ассистентинин кызмат көрсөтүүлөрүнө төлөө киргизилип, жеке ассистент кызматына акы төлөөнүн өлчөмү 4900 сомдон 6300 сомго көбөйтүлгөн. 2023-жылдын 1-январына карата мындай кызматты 12,5 миң адам алган жана бул максаттарга 808,3 млн сом акча каражаты каржыланган.

2022-жыл ичинде мамлекеттик жөлөкпулдар менен жалпысынан 574,6 миң адам камсыз болгон жана республикалык бюджеттен жалпы суммасы 13 383,2 млн сом акча каражаты каржыланган, анын ичинен “үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулун төлөө үчүн 4 903,3 млн сом (339,1 миң адам), социалдык жөлөкпул - 7 957,1 млн сом (105,3 миң адам), “балага сүйүнчү” бир жолку төлөмүнө - 522,8 млн сом (130,2 миң адам).

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 17-сентябрындагы № 313 “Баткен жана Ош областтарынын административдик-аймактык бирдиктерин калыбына келтирүү жана өнүктүрүү боюнча биринчи кезектеги чаралар жөнүндө” Жарлыгын аткаруу максатында, каза болгон жарандарынын үй-бүлөлөрүнө жана жабыркагандарга бир жолку материалдык жардам төлөө каралган: каза болгондордун үй-бүлөлөрүнө - 1,0 млн сом, ден соолугуна оор зыян келтирилгендерге - 200,0 миң сом, ден соолугуна анча оор эмес зыян келтирилгендерге - 100,0 миң сом.

2022-жылдын декабрь айында Саламаттык сактоо министрлигинин тизмесине жана соттук-медициналык экспертизанын корутундусуна ылайык 62 жаранга бир жолку материалдык жардам (50 - жабыркагандарга, 12 - каза болгондордун үй-бүлөлөрүнө) төлөнгөн. Бул үчүн республикалык бюджеттен 17,8 млн сом каржыланган.

Расмий статистика боюнча жумушсуздуктун жогорку деңгээли Жалал-Абад (19,8 миң адам же 4,6%) жана Баткен (13,5 миң адам же 7,6%) областтарында, ал эми төмөнкү деңгээли Бишкек шаарында (6,3 миң адам же 1,3%) жана Чүй областында (5,2 миң адам же 1,4%) белгиленген.

2022-жылы иш менен камсыз кылуу кызматтарына 165,4 миң адам кайрылган. Жалпы эмгек жана иш менен камсыз кылуу, кесиптик окутуу, кайра даярдоо, кесип тандоо боюнча 110,7 миң адам кеп-кеңештерди алган.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 15-июлундагы № 385 токтомун аткарууда республика боюнча социалдык контракт алуу үчүн 3762 арыз түшүп, 2800 үй-бүлө менен (100,0 миң сомдон) келишим түзүлгөн, анын ичинен: мал чарбачылыгы (59%), тигүүчүлүк иши (19%), майда соода-сатык (7%), коомдук тамактануу тармагындагы кызмат көрсөтүү (3%), такси кызматы (3%) ж.б. Бул максаттарга республикалык бюджеттен 292,0 млн сом бөлүнгөн.

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 20-мартындагы №184 чечими менен 2022-жылдын 1-апрелинен тартып Министрликтин тармагындагы 2850 кызматкердин эмгек акысы орточо 50%дан 100%га чейин жогорулаган.

Социалдык коргоого (социалдык камсыздоого чыгымдар, социалдык камсыздандыруу, калктын социалдык жактан корголуусуна, эмгек маселелерине, миграция, иш менен камсыз кылууга) багытталган чыгымдарга 2022-жылы республикалык бюджеттен 18 090,9 млн сом каралган, 2021-жылга салыштырмалуу 11,8%га жогору.

Бул менен бирге, жөлөкпулдардын жана эмгек акылардын (2018-жылдан 2022-жыл аралыгында 2,1 эсе) жогорулагандыгына карабастан, ар бир адамга социалдык коргоонун базалык деңгээлине кепилдик бере турган социалдык коргоонун адилеттүү жана натыйжалуу системасын түзүү боюнча иш жетишсиз жүргүзүлгөн, айрыкча белгилүү бир социалдык тобокелдиктерге (майыптык, карылык, багуучусунан айрылуу, жумушунан айрылуу (жумушсуздук), убактылуу эмгекке жарамсыздык ж.б.)

Аудиттин жүрүшүндө мамлекеттик каржыны натыйжасыз башкаруу жана бир катар жетишпестиктер, ошондой эле аз камсыз болгон жана жакыр үй-бүлөлөрдүн эмгек потенциалын активдештирүү ыкмаларынын жетишсиздиги, социалдык кызмат көрсөтүүлөр рыногунун толук өнүкпөгөндүгү, майыптуулукту алдын алууга багытталган уюштуруу системасы жеткиликтүү эместиги, көп учурда ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдардын физикалык кызматтарды алуу мүмкүнчүлүгү жок болгондугу аныкталган.

Балалуу үй-бүлөлөрдү колдоо, баланын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоону камсыз кылуу боюнча жүргүзүлүп жаткан мамлекеттик саясатка карабастан, комплекстүү мамилени талап кылган көйгөйлүү маселелер бар. Үй-бүлөнү жана балдарды коргоо системасында райондук бөлүмдөр айылдык округдун деңгээлинде баштапкы звеного ээ эмес. Турмуштук оор кырдаалга кабылган балдарды жана үй-бүлөлөрдү мониторинг кылууга, ошондой эле гендердик жана үй-бүлөлүк зордуктан коргоо жана сактоо боюнча иш чараларды райондук деңгээлде ишке ашырууга финансылык жана адамдык ресурстар жетиштүү эмес.

Көп жылдар бою өлкөдө миграциялык тең салмактуулук терс бойдон калууда (кеткендердин санынан келгендердин санынын ашып кетиши).

Кыргыз Республикасынын Тышкы иштер министрлигинин маалыматы боюнча, 2022-жылдын аягында чет өлкөдө расмий 803,4 миң кыргыз жараны бар. Эмгек миграция процессинин эң активдүү катышуучулары - бул эмгекке жарамдуу калк.

Жыл сайын түзүлгөн жумушчу орундар, жыл сайын эмгек рыногуна чыгып жаткан жаштардын жумуш орундарына болгон муктаждыктын жарымын да камсыздай албайт.

Социалдык өнүктүрүүгө бөлүнгөн каражаттарды натыйжалуу башкаруу үчүн автоматташтырылган маалыматтардын негизинде аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө багытталган социалдык жардам көрсөтүүнүн инструменти иштелип чыгып, ишке киргизилиши керек. Эл аралык стандарттарга жана нормаларга ылайык майыптыктын көйгөйлөрүн аныктоого жана чечүүгө мамилени өзгөртүү, жарандардын социалдык жактан аялуу категорияларынын заманбап санариптик технологиялардын негизинде реабилитация жана социалдык кызматтарга жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу, эмгек рыногунда эмгек ресурстарына болгон муктаждыкты болжолдоо методологиясын экономиканын келечектеги муктаждыктарынын негизинде өзгөртүү зарыл.

## Программалык бюджеттин аткарылышы

(миң сом)

| № | Бюджеттик программанын аталышы | 2022-жылга каржылоо (*атайын эсептин каражаттарынан*) | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | | **Бекитилген план** | **Такталган план** | **Кассалык чыгымдар** | **(%)** |
| 1. | Пландаштыруу жана башкаруу | 669198,9 | 1004730,8 | 879644,2 | 87,6 |
| 2. | Турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөр жана балдар | 11898735,3 | 13475827,9 | 13467160 | 99,9 |

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| 3. | Улгайган жана ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелүү (ДМЧА) жарандарды социалдык коргоо | 1258963,6 | 1752141,6 | 1715040,4 | 97,9 |
| 4. | Жарандардын айрым категорияларына акчалай компенсациялар жана социалдык кепилдиктер | 990641,9 | 969619,5 | 966810,5 | 99,7 |
| 5. | Эмгек жана иш менен камсыз кылуу | 511964,3 | 879228,6 | 866277,6 | 98,5 |
| 6. | Гендердик теңчиликке жетүү Улуттук Стратегиясына жетүүнү ишке ашыруу | 11285,8 | 9373,7 | 7720 | 82,4 |
| | **КР ЭСКММ боюнча баары** | **15340789,8** | **18090922,1** | **17902652,7** | **99,0** |

*Эскертүү: IS казына бюджеттин 2022-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки маалыматы боюнча.*

“Турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөр жана балдар” бюджеттик программасы боюнча (*7 бюджеттик чара жана 14 көрсөткүч):*

- 11 көрсөткүч, 6 бюджеттик чара аткарылган;
- 2 көрсөткүч жарым-жартылай аткарылган;
- 1 көрсөткүч, 1 бюджеттик чара аткарылган эмес.

“Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды (ДМЧА) жана улгайган жарандарды социалдык коргоо” бюджеттик программа боюнча *(7 бюджеттик чара жана 16 көрсөткүч*):

- 8 көрсөткүч, 4 бюджеттик чара аткарылган;
- 7 көрсөткүч жарым жартылай аткарылган;
- 1 көрсөткүч, 3 бюджеттик чара аткарылган эмес.

“Жарандардын айрым категорияларына акчалай компенсацияларды берүү жана социалдык кепилдиктер” бюджеттик программада *(3 бюджеттик чара жана 5 көрсөткүч)* бардык бюджеттик чаралар жана көрсөткүчтөр аткарылган.

“Калкты иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү жана жумушсуздарды социалдык колдоо” бюджеттик программа боюнча (*3 бюджеттик чара жана 8* көрсөткүч*):*

- 5 көрсөткүч жарым-жартылай аткарылган;
- 3 көрсөткүч, 3 бюджеттик чара аткарылган.

“Гендердик жана үй-бүлөлүк зомбулуктан зомбулуктун курмандыктарын социалдык коргоо” бюджеттик программа боюнча (*2 бюджеттик чара жана 2 көрсөткүч*):

- 1 көрсөткүч, 1 бюджеттик чара аткарылган;
- 1 иш-чаранын 1 көрсөткүч аткарылган эмес.

*Эл аралык уюмдар тарабынан каржыланган (БУУнун дүйнөлүк азык-түлүк программасы менен биргелешкен долбоор) министрликтин алдында ачылган өнүктүрүү долбоорлорунун ишмердүүлүгү.*

2018-жылдын 28-апрелинде кол коюлган “Бириккен Улуттар Уюмунун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын 2018-2022-жылдарга карата Кыргыз Республикасындагы Өлкөлүк стратегиялык планын ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтү менен Бириккен Улуттар Уюмунун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын ортосундагы Өз ара түшүнүү жөнүндө меморандумда” аталган стратегиялык планды ишке ашырууда өз ара аракеттенүү жана кызматташуу механизмдери каралган жана социалдык

коргоо системасын жакшыртууга, азык-түлүк коопсуздугун камсыз кылууга, мектеп тамак-ашын оптималдаштырууга, калкты климаттын өзгөрүшүнө адаптациялоого жана калкты өзгөчө кырдаалдардан коргоого байланышкан маселелерди чечүүгө, ошондой эле бул тармактарда мамлекеттик структуралардын потенциалын жогорулатууга багытталган иш-чаралар ишке ашырылган.

2022-жылы Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети менен Бириккен Улуттар Уюмунун Бүткүл дүйнөлүк азык-түлүк программасынын ортосундагы Өз ара түшүнүү жөнүндө (КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 28-ноябрындагы № 658 тескемеси) 2023-2027-жылдарга 5 жылга узартылган Меморандумунун алкагында 845 долбоор ишке ашырылган, долбоордун алкагында азык-түлүк жана накталай каражаттар менен 153,4 миң адам (же 28,9 миң аз камсыз болгон үй-бүлө) камсыздалган.

**Мамлекеттик жөлөкпулдар, жеңилдиктердин ордуна акчалай компенсациялар, жана башка социалдык төлөмдөр**

Министрлик тарабынан мамлекеттик жөлөкпулдар, жеңилдиктердин ордуна акчалай компенсациялар, жана башка социалдык төлөмдөрдү каржылоо Социалдык коргоо департаментинин табыштамасына ылайык жүргүзүлөт.

Министрликтин бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын 2721 “Калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпул” беренеси боюнча 13 821,3 млн сом бекитилген, 16 051,6 млн сом такталган планда кассалык чыгымдар -16 036,4 млн сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар – 16 028,6 млн сомду түзгөн, анын ичинде:

млн сом

| | **кассалык чыгымдар** | **иш жүзүндөгү чыгымдар** |
|---|---|---|
| “Аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жөлөкпул” | 4 879,5 | 4 879,5 |
| “Бала төрөлгөндө бир жолку төлөм” | 522,8 | 540,7 |
| “Жумушсуздук боюнча жөлөкпул” | 0,9 | 0,9 |
| “Социалдык жөлөкпул” | 7 936,9 | 7 937,4 |
| “Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпул” | 376,2 | 361,4 |
| “Расымдык (сөөк коюуга) жөлөкпул” | 8,9 | 8,9 |
| “Калкка жеңилдиктер жана жеңилдиктердин ордуна компенсациялар” | 1 132,5 | 1 123,0 |
| “Кесиптик окутууга чыгымдар” | 44,4 | 42,9 |
| “Коомдук иштерди уюштурууга чыгымдар” | 53,2 | 47,9 |
| “Иш ордуна чек” | 274,9 | 279,9 |
| “ДМЧ баланын жеке ассистенттин чыгымдары” | 805,9 | 805,9 |

2022-жылдын 31-декабрына карата алуучулардын саны 370 356 адамды түзгөн.

**Министрликтин чыгымдар сметасын түзүү жана аткаруу**

Министрлик боюнча (жалпы) бюджеттик каражаттардын чыгымдар сметасы 15 328,6 млн сом суммасында бекитилген, киргизилген

өзгөртүүлөрдүн негизинде такталган смета 18 074,7 млн сомду түзгөн. Кассалык чыгымдар 17 892,1 млн сомду, иш жүзүндөгү чыгымдар 17 866,9 млн сомду түзгөн, б.а. иш жүзүндөгү чыгымдар кассалык чыгымдардан ашкан эмес.

Министрликтин системасында 53 аймактык бөлүнүштөр, 17 социалдык стационардык мекемелер, 28 медициналык-социалдык экспертиза комиссиялары, Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемеси жана Майыптыгы бар адамдарды реабилитациялоо борбору иштейт.

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы тарабынан министрликтин борбордук аппаратынын, 36 аймактык, 15 социалдык стационардык жана 6 ведомстволук мекемелеринин бюджетинин аткарылышынын талаптарга ылайык келишине аудит жүргүзүлүп, анда финансылык мыйзам бузуулар жана республикалык бюджеттин кирешелеринин жоготуулары жана каражаттарды рационалдуу эмес пайдалануу учурлары аныкталган жана анын жалпы суммасы **149 944,2 миң сомду** түздү, анын ичинен финансылык бузуулар **2151,5 миң сом**, аудиттин жүрүшүндө **295,6 миң сом** ордуна коюлган.

**Министрликтин борбордук аппараты**

*Банктык кызмат көрсөтүүлөргө тарифтерди белгилөөгө талдоо жүргүзүү*

**Аныкталды жана Корутунду**

Расмий статистикага ылайык, жылдан-жылга негизги категориялар боюнча социалдык жардам алуучулардын саны кыскарууда (2021-жылы - 255 477; 2022-жылы - 246 685; 2023-жылы - 229 301), б.а. банктык операциялардын саны кыскарууда. Ошол эле учурда, мамлекеттик жөлөкпулдардын өлчөмүнүн көбөйүшүнө байланыштуу банктык кызмат көрсөтүүлөргө республикалык бюджеттен чегерүүлөр жыл сайын көбөйүүдө. Алсак, 2022-жылы - 75 517,5 миң сом, 2021-жылы - 47 921,8 миң сом, 2020-жылы - 35 052,7 миң сом б.а. 2022-жылы каржылоо 2020-жылга салыштырмалуу 40 464,8 миң сомго же 2 эседен ашык өскөн.

2022-жылы республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен “Элкарт” улуттук төлөм системасы аркылуу социалдык төлөмдөрдү алуучулардын эсебин жүргүзүү жана акча каражаттарын чегерүү боюнча кызмат көрсөтүүлөр үчүн банктарга 75517,5 миң сом 0,5% тариф боюнча төлөнгөн. Аудитке колдонулуп жаткан тарифтин чыгымдарынын экономикалык негиздемеси берилген жок.

Иш жүзүндө банк кызматтары эмгек акы операцияларын тейлөө үчүн акы албайт, ал эми социалдык жөлөкпул алуучулардын эсептерин тейлөө үчүн 0,5% тариф белгиленген. Министрлик тарабынан 2012-жылдан бери эсептерди жүргүзүү жана алуучулардын эсебине акча каражаттарын чегерүү боюнча банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифин кайра карап чыгуу боюнча иштер жүргүзүлгөн эмес.

Ошентип, 2022-жылы 27595,7 миң сом суммасында (75517,5-47921,8) бюджеттик каражаттарды рационалдуу эмес пайдаланууга алып келген.

**Сунуштама**

Эсептерди жүргүзүү жана алуучулардын эсебине акча каражаттарын чегерүү боюнча банктык кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифин кайра карап чыгуу боюнча иштер тез арада жүргүзүлсүн.

*Жолдомолорду (путевка) өз убагында берүүнүн анализи*

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 9-августундагы №457 "Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга санаториялык-курорттук дарыланууга жолдомолорду берүү тартиби жөнүндө" токтомунун 3-пунктунун талаптары сакталбай, 2022-жылы 5 490 мүмкүнчүлүгү чектелген жарандарга гана жолдомолор берилген, бул 51,75% түзөт же 5 889 бирдикке (154,9 млн. сомго) азыраак берилген. Санаториялык-курорттук мекемелерге жолдомолорду алуу үчүн электрондук кезекке ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген 11 379 адам катталган.

**Сунуштама**

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине*:

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 9-августундагы №457 "Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарга санаториялык-курорттук дарыланууга жолдомолорду берүү тартиби жөнүндө" токтомунун 2-пунктуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигине ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелген адамдар үчүн санаториялык-курорттук жолдомолорду сатып алуу үчүн, жыл сайын акча каражатын толук бөлүү камсыздалсын.

*Кредиттер, ссудалар жана зайымдар*

**Аныкталды жана Корутунду**

Министрликтин 2022-жыл үчүн жылдык отчетунда "Ишканаларга, финансы-кредиттик мекемелерге жана калкка ссудалар" эсебинде (бюджет) мезгилдин башына карата (01.01.2022-ж.) жана акырына карата (31.12.2022-ж.) 59 468,7 миң сом суммасында карыз көрсөтүлгөн.

Министрликтин маалыматы боюнча, жогоруда аталган карыз 2004-2012-жылдары республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин эсебинен Министрликтин алдындагы микрокредиттик агенттиктер аркылуу аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жана жумушсуз жарандарга күрөөлүк камсыздоосуз жана кепилдиксиз берилген кредиттердин кайтарылбаган калдыктары болуп саналат.

Министрлик тарабынан микрокредиттик агенттиктердин ишин, башкача айтканда, кредиттик портфелди эсепке алууну, финансылык жана инвентардык активдерди пайдаланууну, карызы бар карыз алуучулардын деталдуу эсебин жана аларды кайтарып берүү боюнча иштерди контролдоо жана мониторинг жүргүзүү боюнча иш чаралар жүргүзүлгөн эмес.

Мисалы: "Ала-Тоо Финанс" микрокредиттик агенттигинин Уставына ылайык, берилген кредиттердин кайтарылышын камсыздоо "Ала-Тоо

Финанс” микрокредиттик агенттигине жүктөлөт жана Министрлик уюштуруучу болуп саналат.

Ошол эле учурда, Министрлик 2016-жылдагы соттун чечимине апелляциялык даттанууга бербестен, 2022-жылы “Айыл-Банк” ачык акционердик коомунун эсебине 6494,9 миң сом өлчөмүндө акча каражатын которгон (“Ала-Тоо Финанс” микрокредиттик агенттигинен алынган кредиттер боюнча), бул 6494,9 миң сом суммасында мамлекеттик бюджеттин каражаттарын чыгымдоо жана рационалдуу эмес пайдалануу болуп саналат.

**Сунуштама**

*Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине:*

- Жумушсуз жарандарды микрокредиттөө үчүн бөлүнгөн бюджеттик каражаттардын калдыгынын 59 468,7 миң сомдук дебитордук карыздары боюнча;
- “Айыл-Банк” ачык акционердик коомунун эсебине мамлекеттик бюджеттин каражаттарын которуу менен, бюджеттик каражаттарды рационалдуу эмес пайдаланууга алып келген фактылары боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн.

*Кыргыз Республикасынын Финансы Министрлигине:*

Жумушсуз жарандарды микрокредиттөө үчүн бөлүнгөн бюджеттик каражаттардын 59 468,7 миң сом калдыгын өндүрүү жана “Айыл-Банк” ачык акционердик коомунун эсебине республикалык бюджеттин каражаттарын которуу менен, бюджеттик каражаттарды рационалдуу эмес пайдаланууга алып келген фактылары боюнча тийиштүү чаралар көрүлсүн

*Мамлекеттик социалдык заказ программасын ишке ашыруу*

**Аныкталды жана Корутунду**

2022-2026-жылдарга Мамлекеттик социалдык заказ программасын жана 2022-жылга Мамлекеттик социалдык заказ программасын ишке ашыруу планын ишке ашыруу максатында Министрликтин 2022-жылдын 4-июлундагы № 29 буйругу менен 2022-жылы 5 багытта социалдык-пайдалуу максаттарга 37 001,6 миң сом суммасында мамлекеттик каржылоого каралган. Конкурстардын жыйынтыгы боюнча комиссия тарабынан 36 445,0 миң сомдук 68 долбоор жактырылган.

Ошол эле учурда Министрликтин гранттык комиссиясы тарабынан 2022-жылга Мамлекеттик социалдык заказ программасын ишке ашыруунун бекитилген планына өзгөртүүлөрдү киргизбестен, 5 538,7 миң сом суммасында кайра каржылоо менен долбоорлор жактырылган.

Мындан тышкары, гранттык комиссия тарабынан социалдык заказдарды кароодо айрым аймактардагы жакырчылыктын деңгээли эске алынган эмес жана региондор боюнча бирдей бөлүштүрүлгөн эмес. Алсак, социалдык долбоорлордун көбү - 38 долбоор (55,9%) жакырчылыктын деңгээли 30,9% түзгөн Бишкек шаарында жана Чүй областында топтолгон, ал эми жакырчылыктын деңгээли жогору болгон аймактар (Баткен областы - 48,5%, Жалал-Абад областы - 47,1%, Нарын областы - 36,8%) жетишсиз каржыланууда. Бул республиканын ар кайсы региондорунда социалдык

керектөөлөрдү бирдей жана натыйжалуу жабуу үчүн ресурстарды бөлүштүрүү стратегиясын кайра карап чыгуу зарылдыгын көрсөтүп турат.

Социалдык пайдалуу долбоорду ишке ашыруу боюнча Типтүү келишимдерди бузуу менен 2023-жылдын I, II, III кварталына каралган республикалык бюджеттин каражаттары 2022-жылдын акырына карата 14814,0 миң сом суммасында каржыланган, бул бюджеттик каражаттарды негизсиз буруу жана дебитордук карыздардын көбөйүшү болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү жөнүндө" жобонун 27,28-пункттарын бузуу менен 36 445,2 миң сом суммасындагы дебитордук карыз өз ара эсептешүүлөрдү салыштыруу актысы менен тастыкталган эмес, бул мамлекеттик бюджеттин финансылык жактан натыйжасыз башкаруу болуп саналат.

**Сунуштама**

"Мамлекеттик социалдык заказ жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесине ылайык, коомдук пайдалуу долбоорлордун конкурстарынын катышуучуларынын электрондук маалыматтар базасын жүргүзүү боюнча чаралар көрүлсүн;

Бекитилген чыгымдар сметасы жок шартта республикалык бюджеттен каржылоого жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын жана өз ара эсептешүүлөрдү салыштыруу актысы менен тастыктоо боюнча иш чаралар көрүлсүн.

*Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулдар*

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 18-сентябрындагы №434 токтому менен бекитилген "Убактылуу эмгекке жарамсыздыгы боюнча жөлөкпулду жана кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулду берүүнүн тартиби жөнүндө" жобого ылайык, кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулдар эсептелет жана төлөнөт:

- он биринчи жумушчу күндөн тартып - айына 20 эсептик көрсөткүчтүн өлчөмүндө - республикалык бюджеттен;

- бийик тоолуу жана алыскы жетүүгө кыйын аймактарда жашаган жана иштеген адам он биринчи жумуш күнүнөн тартып - бийик тоолуу жана региондук аймактардагы иш стажы үчүн кызматтык маянасына пайыздык жогорулатууну эсепке алуу менен эсептелген орточо суткалык эмгек акысын көбөйтүү жолу менен. кош бойлуулук жана төрөт боюнча өргүүдөн мурунку үч ай үчүн, кош бойлуулук жана төрөт боюнча өргүүнүн калган жумушчу күндөрү үчүн эмгек акынын коэффициенти республикалык бюджеттен.

"Бийик тоолуу шарттарда жана алыскы барууга кыйын зоналарда жашаган жана иштеген адамдар үчүн мамлекеттик гарантиялар жана компенсациялар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 2-1-беренесине ылайык эмгек акыга жана башка социалдык төлөмдөргө 1,1ден 1,8ге чейин кошумча төлөмдөрдүн коэффициенттери белгиленген, тиешелүү

түрдө эмгек акынын жана башка социалдык төлөмдөрдүн өлчөмү белгиленген коэффициенттерден ашпоого тийиш.

Мыйзамдын 15-беренесине ылайык бийик тоолордо жана алыскы барууга кыйын аймактарда иштеген аялдарга, кош бойлуулук жана төрөт боюнча өргүүгө чыгуунун узактыгы эмгек стажына карабастан толук айлык акынын өлчөмүндө дарт баракчасы боюнча белгиленет.

Жөлөкпулдардын түрлөрү боюнча социалдык төлөмдөрдүн катышы белгиленген 1,4ден 1,8ге чейинки коэффициенттен ашпайт, бирок Кыргыз Республикасынын бийик тоолуу жана алыскы зоналарында жашаган жана иштегендер үчүн кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулдардын өлчөмдөрүнүн айырмасы Кыргыз Республикасынын башка региондоруна салыштырмалуу 78,3 эсеге чейин жетет. Ошентип, кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулдардын өлчөмдөрүндөгү олуттуу диспропорция шарттарында кош бойлуулук жана төрөт боюнча 303,6 млн. сом суммасында жөлөкпул төлөнүп берилген. Бул калкты социалдык жактан коргоо чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу жана ишке ашыруу функцияларын жүзөгө ашыруучу аткаруу бийлигинин мамлекеттик органы болгон Министрлик тарабынан көрүлбөгөн чаралардын натыйжасы болуп саналат.

Төмөндө мамлекеттик жөлөкпулдардын жана социалдык төлөмдөрдүн айрым түрлөрүнүн өлчөмдөрүнүн катышы келтирилген:

| Жөлөкпулдун түрү | Социалдык төлөмдөрдүн өлчөмү | | | түздүк жана бийик тоо аймактарынын коэффициенттин айырмасы (%) |
|---|---|---|---|---|
| социалдык жардамдын айрым түрлөрү | тегиз зоналар (сом) | 1,8 бийик тоолуу коэффициенти | 1,4 жетүүгө кыйын болгон коэффициенти менен | |
| “Үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулу | 1200 | 2160 | 1680 | 1,4 |
| I топтогу майыптыгы бар жөлөкпул | 8000 | 14400 | 11200 | 1,4 |
| II топтогу майыптыгы бар жөлөкпул | 6600 | 11880 | 9240 | 1.2 |
| III топтогу майыптыгы бар жөлөкпул | 5400 | 9720 | 6480 | 1,2 |
| Улгайган жарандар | 1500 | 2700 | 2700 | 1,8 |
| Баатыр-энелер | 2500 | 4500 | 3500 | 1,4 |
| УАС (Улуу Ата-мекендик согуш) катышуучулары | 7000 | 12600 | 9800 | 1,4 |
| ЧАЭС жоюунун катышуучулары | 2500 | 4500 | 3500 | 1,4 |
| 50 000 сом айлык маянанын кош бойлуулугу боюнча жөлөкпул | 3500 | 352700 | 274314 | 78,3 эсе |

**Сунуштама:**

Кош бойлуулук жана төрөт боюнча жөлөкпулдардын өлчөмдөрүндөгү диспропорцияны азайтуу боюнча иш чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду**

Мыйзамдарда каралган өзгөчө муктаж жарандарды, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдарды мамлекеттик колдоо маселелерин чечүү үчүн, шаардык бюджеттин каражаттарынын жетишсиздигинин шарттарында, Бишкек шаардык Кеңешинин депутаттарынын Бишкек шаарынын административдик райондоруна жазган каттарынын негизинде (комиссиянын кароосунан тышкары) жергиликтүү бюджеттен (706-берене) кошумча каражаттарды системалуу түрдө каржылоо фактылары аныкталган. 2022-жылда Бишкек шаардык Кеңештин депутаттарынын атынан шаар тургундарына майрамдарга белектерди сатып алууга, материалдык жардам көрсөтүүгө, анын ичинде өзгөчө социалдык же медициналык мүнөздөмөсү жок туруп, шаардын жөнөкөй жарандарына жана иш-чараларды уюштурууга 23 242,0 миң сом суммасында акча каражаты бөлүнгөн, анын ичинен:

- Биринчи Май району - 3 173,4 миң сом;
- Ленин району - 9 054,6 миң сом;
- Свердлов району - 6 917,4 миң сом;
- Октябрь району - 4 096,6 миң сом.

Жергиликтүү бюджеттен акча каражаты шаардык Кеңештин тиешелүү токтомдору жок туруп, жарандардын муктаждыгын аныктоо боюнча комиссиянын кароосуна киргизилбестен бөлүнгөн.

Даректүү социалдык жардам арыз берүү принциби боюнча турак жай-тиричилик шарттарын текшерүү актысынын, социалдык паспорттун жана арыз ээсинин статусун аныктоочу документтердин негизинде социалдык өнүктүрүү башкармалыгында жыл сайын милдеттүү түрдө кайра каттоо менен көрсөтүлөрүн белгилей кетүү керек.

**Сунуштама**

*Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетине* тиешелүү кароо үчүн, Бишкек шаардык Кеңештин депутаттарынын каттарынын негизинде, Бишкек шаардык Кеңештин тиешелүү токтомдору жок жергиликтүү бюджеттен акча каражаттарын бөлүү фактысы боюнча аудит материалдары жөнөтүлсүн.

*Бишкек шаарынын мэриясына:*

Бишкек шаардык Кеңештин депутаттарынын каттарынын негизинде Бишкек шаардык Кеңештин тиешелүү токтомдору жок жергиликтүү бюджеттен акча каражаттарын бөлүүнү токтотуу боюнча чаралар көрүлсүн.

*Социалдык коргоонун корпоративдик маалыматтык системасын жана Эмгек рыногунун маалымат системасын техникалык коштоо*

**Аныкталды жана Корутунду**

Министрлик менен “Интерсофт” жоопкерчилиги чектелген коому ортосунда “Техникалык колдоо кызматтарын көрсөтүү жана маалыматтык системаларды өркүндөтүү жөнүндө” 24.05.2022-жылдагы №44 (5 955,8 миң сомго) келишим түзүлүп, келишимдин предмети болуп Министрликтин Социалдык коргоонун корпоративдик маалыматтык системасын жана Эмгек

рыногунун маалымат системасын (ЭРМС) техникалык коштоо боюнча кызмат көрсөтүү болуп саналат.

Белгилей кетсек, 2015-жылдан бери “Интерсофт” жоопкерчилиги чектелген коому социалдык коргоонун корпоративдик маалыматтык жана эмгек рыногунун маалымат автоматташтырылган системаларын иштеп чыгуучу болуп саналат жана аталган программа ишке ашырылгандан бери системага техникалык коштоо жүргүзүп келет. Ушуга байланыштуу конкурсту өткөрүү формалдуулук болуп, буга талапкерлердин жоктугу жана конкурсту өткөрүүдөн 0,73% же 44,2 миң сом суммасындагы символикалык үнөмдөө күбө.

Министрликтин борбордук аппаратынын Санариптештирүү башкармалыгында 14,0 инженер-программист штаттык бирдик бар, ага карабастан Министрлик көп жылдардан бери техникалык колдоо көрсөтүү кызматтарына акы төлөөнү (2022-жылы 5 955,8 миң сом) улантып келет. Аудитке 5 955,8 миң сомго чыгымдардын өздүк наркынын эсеп-негиздемеси берилген эмес. Бул бюджеттик каражаттарды рационалдуу эмес пайдалануу болуп саналат.

Автоматташтырылган программа (СККМС) кирешелерди өз убагында аныктоону жана жумушка орноштурууну камсыз кылуу үчүн башка мамлекеттик программалар менен интеграцияланган эмес.

2022-жылы мамлекеттик жөлөкпулдарды төлөөгө багытталган 17,3 млн сом (Аламүдүн райондук администрациясы - 9,0 млн сом, Талас район аралык башкармалыгы - 8,3 млн сом) бюджеттик каражаттарды уурдоо фактыларынын өз убагында ачылбагандыгы, мамлекеттик жөлөкпулдарды, акчалай компенсацияларды жана башка социалдык кызматтарды дайындоого жана төлөөгө борборлоштурулган көзөмөлдү ишке ашыруу бөлүгүндө социалдык коргоонун корпоративдик маалыматтык системасын түзүү максатка жетпегенин көрсөтөт.

**Сунуштама**

Мамлекеттик жөлөкпулдарды, акчалай компенсацияларды жана башка социалдык кызмат көрсөтүүлөрдү дайындоону жана төлөөнү борборлоштурулган көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруу бөлүгүндө автоматташтырылган процесстерди оптималдаштырууну жакшыртуунун максатка ылайыктуулугу каралсын.

Министрликтин инженер-программисттеринин потенциалын автоматташтырылган системаларды өз алдынча техникалык коштоо деңгээлине чейин жогорулатуу боюнча иштер жүргүзүлсүн.

*“Үй-бүлөгө көмөк” мамлекеттик жөлөкпул жөнүндөгү маселе*

**Аныкталды жана Корутунду**

Министрликтин аймактык бөлүмдөрү тарабынан аз камсыз болгон адамдарга “Үй-бүлөгө” жөлөкпулдарды дайындоодо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүнүн жоктугунан улам калктын жашоо шарттарын, финансылык абалдарын изилдөө боюнча акттарды түзүү боюнча тийиштүү иштер жүргүзүлгөн эмес. Кыргыз Республикасынын

Өкмөтүнүн 2000-жылдын 19-апрелиндеги № 216 “Кыргыз Республикасында жакыр үй-бүлөлөрдүн социалдык паспортторун киргизүү жөнүндө” токтомунун 2-пунктунда көрсөтүлгөн конкреттүү үй-бүлөлөрдү жакырчылыктан чыгаруу боюнча жеке программаларды ишке ашыруу боюнча иштер уюштурулган эмес.

Аудит Министрликтин аймактык бөлүмүнүн адистери тарабынан “Үй-бүлөгө көмөк” мамлекеттик жөлөкпулун дайындоо максатында үй-бүлөнүн кирешесин аныктоодо тобокелдиктин бар экендигин белгилейт.

Кээ бир учурларда Министрликтин аймактык бөлүмдөрүнүн адистери арыз ээлеринин сөзүнөн үй-бүлөнүн расмий эмес кирешесин аныкташат. Расмий эмес кирешелер документ менен тастыкталган эмес жана үй-бүлөнүн реалдуу кирешесин аныктай албайт. “Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 9-1-беренесинде жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 токтому менен бекитилген “16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) “үй-бүлөгө көмөк” - ай сайын жөлөкпул алууга жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) муктаждыгын аныктоо тартиби жөнүндө” жободо үй-бүлөнүн жыйынды кирешесинин курамында расмий эмес кирешелер каралган эмес.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2000-жылдын 19-апрелиндеги № 216 “Кыргыз Республикасында жакыр үй-бүлөлөрдүн социалдык паспортторун киргизүү жөнүндө” токтомунда көрсөтүлгөн милдеттерди ишке ашыруу боюнча чаралар көрүлсүн.

Үй-бүлөнүн жалпы кирешесин аныктоо механизмин кайра карап чыгуу боюнча чаралар көрүлсүн жана муктаж жарандарга (үй-бүлөлөргө) “үй-бүлөгө көмөк” жөлөкпулун дайындоодо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы № 307 токтому менен бекитилген “16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) “үй-бүлөгө көмөк” - ай сайын жөлөкпул алууга жарандардын (үй-бүлөлөрдүн) муктаждыгын аныктоо тартиби жөнүндө” Жобонун талаптары так сакталсын.

*Социалдык тейлөө кызматкерлери*

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-июлундагы №365 токтому менен бекитилген “Үйдө социалдык кызмат көрсөтүү жөнүндө” типтүү жобонун 10-пунктуна ылайык, аймактык бөлүм өзүнүн түзүмүндө даректүү социалдык коргоо бөлүмүн/секторун түзө алат, ал жергиликтүү бюджеттен каржыланат.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 13-июлундагы № 489 “Райондун жергиликтүү бюджеттеринен каржыланган райондук мекемелерди республикалык бюджеттен каржылоого которуу жөнүндө” токтомунун 1-пунктуна ылайык 2012-жылдын 1-январынан баштап мурда

райондун жергиликтүү бюджеттеринен каржылануучу мекемелер республикалык бюджеттен каржылоого которулган.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-июлундагы №365 токтому менен бекитилген "Үйүнө барып социалдык жактан тейлөө жөнүндө" типтүү жобонун 10-пунктундагы жергиликтүү бюджеттен каржылоо бөлүгү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Кыргыз Республикасынын 2012-жылдын 13-июлундагы № 489 "Райондун жергиликтүү бюджеттеринен каржыланган райондук мекемелерди республикалык бюджеттен каржылоого которуу жөнүндө" токтомунун 1-пунктуна карама-каршы келет. Жалпысынан аудит жүргүзүлгөн мезгилде социалдык кызматкерлердин эмгек акысына 184,5 млн сом каржыланган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-июлундагы № 365 токтому менен бекитилген "Үйүнө барып социалдык жактан тейлөө жөнүндө" типтүү жобонун 10-пунктун каржылоо булагы бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 13-июлундагы № 489 "Райондун жергиликтүү бюджеттеринен каржыланган райондук мекемелерди республикалык бюджеттен каржылоого которуу жөнүндө" токтомунун 1-пунктуна ылайык келтирүү маселеси каралсын.

*Эмгек ресурстарына болгон талаптардын консолидацияланган болжолун түзүү*

**Аныкталды жана Корутунду**

Министрлик Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 26-мартындагы № 203 токтому менен бекитилген "Эмгектик ресурстарга керектөөлөрдү божомолдоо методикасынын" 9,10-пункттарын бузуу менен Билим берүү жана илим министрлиги менен биргелешкен кесиптердин жана адистиктердин контекстинде эмгек ресурстарына болгон муктаждыктын болжолун аныктоо бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын экономика тармактарынын адистиктерге реалдуу керектөөсүн аныктоо жана адистиктердин тизмесин жана студенттерди кабыл алуунун көлөмүн бекитүү боюнча иштер жүргүзүлгөн эмес. Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-июлундагы №368 токтомуна ылайык 2022-2023-окуу жылына мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде адистиктердин тизмеги жана Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына билим алуучуларды кабыл алуу көлөмү 6000 орун.

**Сунуштама**

Экономиканын келечектүү керектөөлөрүнө жараша эмгек рыногунда эмгектик ресурстарга керектөөлөрдү болжолдоонун методологиясы кайра каралып чыксын.

*Иш менен камсыз кылууга көмөктөшүү маселелери*

**Аныкталды жана Корутунду**

"Кыргыз Текстиль" ири тигүү фабрикасынын 1500 жумушчу орун тамак-аш, жатакана жана транспорт менен камсыз кылуу шарты менен 20 000 сомдон 30 000 сомго чейин эмгек акы менен жумушка алуу

мүмкүнчүлүгү бар тууралуу кайрылуусу боюнча Министрликтин аймактык бөлүмдөрү тарабынан (Ош ш., Ноокат, Кара-Суу, Өзгөн райондору) 24 гана жумушсуз жаран иш менен камсыз кылынган, ал эми иш издеп расмий катталган жарандардын саны 24 370 адамды (анын ичинде 10 488 аялдар) түзгөн.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-апрелиндеги № 208 токтому менен бекитилген "Акы төлөнүүчү коомдук жумуштарды уюштуруу жөнүндө" жобонун 18,20-пункттарынын шарттары сакталбастан, түзүлгөн келишимдерге ылайык, акы төлөнүүчү коомдук жумуштарга тартылган жумушсуз жарандардын эмгек акысынын өлчөмү айына республикалык бюджеттен гарантияланган сумманын өлчөмүндө - 1800 сом суммасында белгиленип, иш берүүчүлөр тарабынан эмгек акы төлөнбөй калган. Натыйжада жумушсуз жарандардын бир ай иштегендиги үчүн эмгек акысы 1800 сомду же суткасына 81 сомду гана түзгөн. Ошентип, Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 2-беренесинде каралган эмгекти жана тикелей байланышкан мамилелерди укуктук жөнгө салуунун негизги принциптери эмгек келишимине ылайык эмгекке акы төлөө укугу камсыздалган эмес, мыйзам тарабынан белгиленген минималдуу эмгек акынын өлчөмүнөн төмөн болбош керек. Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар жогорудагы жобонун 5-пунктунун талаптарын аткарбай, менчигинин түрүнө карабастан ишканалар, мекемелер жана уюмдар ыйгарым укуктуу органдын аймактык бөлүмүнүн катышуусу менен акы төлөнүүчү коомдук жумуштарды тийиштүү деңгээлде уюштурушкан эмес.

Билим берүү мекемелери менен түзүлгөн келишимдердин негизинде расмий жумушсуздарды кесиптик даярдоого 7313 жаран жиберилип, республикалык бюджеттен 49 229,3 миң сом жумшалып, анын ичинен 3363 адам (45%) окуу аяктагандан кийин ишке орноштурулган. Аудит көпчүлүк учурларда окууну аяктаган жарандардын жумушка орношуусу документ менен тастыкталбай турганын белгилейт. Окууну аяктагандан кийин жумушка орношпогондун натыйжасында пландуу көрсөткүчтөргө жетпеген иш-чараларга жумшалган каражаттар 26 590,5 миң сомду түзгөн. Ошондой эле, жобонун 12-пункту аткарылбай келгендиктен, Министрликтин аймактык бөлүмдөрү тарабынан окутуудан жана окутуунун натыйжалуулугун баалоодон өткөн расмий жумушсуздарды жана жумуш издеген жарандарды жумушка орноштурууга мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

Министрликтин аймактык бөлүмдөрү тарабынан жумушсуз жарандарды жумуш менен камсыз кылуу боюнча иш чаралар күчөтүлсүн.

Акы төлөнүүчү коомдук жумуштарды уюштуруунун натыйжалуулугу жана максатка ылайыктуулугу каралсын. Акы төлөнүүчү коомдук жумуштарды уюштурууда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 12-апрелиндеги № 208 токтому менен бекитилген "Акы

төлөнүүчү коомдук жумуштарды уюштуруу жөнүндө” жобонун жана Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 2-беренесинин талаптарын аткаруу боюнча иштер жүргүзүлсүн.

Расмий жумушсуздарды кесиптик даярдоону, кайра даярдоону уюштурууда, окуудан өткөн жумушсуздарды ишке орноштурууга мониторинг жүргүзүлсүн, кадрларды даярдоого эмгек рыногунда муктаждыкты аныктоо үчүн чаралар көрүлсүн жана окутуунун натыйжалуулугун баалоо камсыздалсын.

*Башка мамлекеттик органдар менен өз ара аракеттенүү*

**Аныкталды жана Корутунду**

Министрликтин аймактык бөлүмдөрү тарабынан Калкты тейлөө борборлорунан социалдык жардам алган жарандардын каза болгон тизмесин өз убагында талап кылынбайт. Бул каза болгон социалдык жардам алуучуларга жөлөкпулдарды төлөөнү өз убагында токтотуу тобокелдиги бар дегенди билдирет. Аудит белгилегендей, ченемдик укуктук актыларда каза болгон жарандар тууралуу маалыматтарды өз убагында алуу тартиби (механизми) көрсөтүлгөн эмес. Бул багыттагы системалуу иш министрликтин аймактык бөлүмдөрү тарабынан жүргүзүлгөн эмес.

**Сунуштама**

“Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 14-беренесине ылайык, жөлөкпул алгандар каза болгондугуна байланыштуу мамлекеттик жөлөкпулду төлөөнү өз убагында токтотуу максатында, мамлекеттик жөлөкпул жана акчалай компенсациялар дайындалган каза болгон адамдар жөнүндө маалыматтарды алууну системалаштыруу маселеси каралсын.

*Министрликтин Өнүктүрүү жана материалдык колдоо фондунун каражаттарынын пайдаланылышын талдоо*

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-апрелиндеги № 213 (КПҮ) токтомунун негизинде натыйжалуу иштөө үчүн зарыл шарттарды түзүү, кадрдык потенциалды жогорулатуу жана Министрликтин кызматкерлерин социалдык жактан коргоону камсыз кылуу максатында “Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигин өнүктүрүү жана материалдык колдоо фонду жөнүндө” жобо (мындан ары – Фонд жөнүндө жобо) бекитилген.

Жобонун 4-пунктунда Фонддун каражаттары материалдык-техникалык базаны өнүктүрүүгө жана чындоого жумшалаары көрсөтүлгөн. Бирок, бул ченемди бузуу менен борбордук аппараттын кызматкерлерине кошумча төлөмдөргө жана компенсацияларга 25 718,5 миң сом өлчөмүндө жумшалган, анын ичинде айлык акыга карата 60%га чейинки үстөк акыларга.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигин өнүктүрүү жана материалдык колдоо фондунун каражаттары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын

14-апрелдеги № 213 (КПҮ) токтому менен бекитилген Фонд жөнүндө жободо каралган максаттарга чыгымдалсын.

*Мамлекеттик жөлөкпулдарды дайындоодо жана төлөөдө бузуулар*

**Аныкталды жана Корутунду**

Шаардык жана райондук башкармалыктар тарабынан көзөмөлдүн жоктугунан жана бюджеттик каражаттарды рационалдуу эмес пайдалануудан улам, жөлөкпул алуучулардын каза болгондугуна, жашаган жерлери жана кирешелери өзгөргөндүгүнө байланыштуу ордуна коюлбаган (кайтарылбаган) 248,7 миң сом суммасында шаардык жана райондук социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыктарында ашыкча төлөм аныкталган, анын ичинде: Сокулук - 12,0 миң сом; Чүй - 12,5 миң сом, Өзгөн - 93,5 миң сом *(аудиттин жүрүшүндө ордуна кайтарылган),* Кара-Кулжа - 8,0 миң сом, Ноокат - 27,5 миң сом, Араван - 5,3 миң сом *(аудиттин жүрүшүндө ордуна кайтарылган)*, Базар-Коргон - 14,4 миң сом, Ноокен - 1,5 миң сом, Аксы - 21,4 миң сом, Кадамжай - 5,4 миң сом, Токтогул - 27,6 миң сом, Кызыл-Кыя - 19,6 миң сом.

**Сунуштама**

"Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 29-июнундагы №307 "Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу жөнүндө" токтомунун талаптарына ылайык, мамлекеттик жөлөкпулдарды дайындоо жана төлөө процесси көзөмөлгө алынып системалуу түрдө мониторинг жүргүзүлсүн жана 149,9 миң сом суммасында ашыкча төлөнгөн мамлекеттик жөлөкпулдар калыбына келтирилсин;

Мамлекеттик жөлөкпулдарды төлөө процессинде көзөмөлдүн жоктугунан жана мониторинг жүргүзүлбөгөндүктөн ашыкча төлөм жүргүзүүгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

*Товардык-материалдык баалуулуктарды жана акча каражаттарды уурдоолор жана кем чыгуулар фактылары*

**Аныкталды жана Корутунду**

Түп райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгынын бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук бөлүмүнүн башкы адиси тарабынан жеке банктык картага өзүнчө ведомостту колдонуу менен мыйзамсыз 586,6 миң сом суммасында акча каражаты которулганы жана ведомосттордо белгиленген ченемден 151,9 миң сомго ашыкча эмгек акы чегерилгендиги аныкталган. Жыйынтыгында ведомосттордогу эмгек акы жалпы 738,5 миң сомго көбөйтүлгөн. Аудит учурунда аныкталган бузуулар боюнча аудит материалдары укуктук баа берүү үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик комитетинин Ысык-Көл областы боюнча башкармалыгына жөнөтүлгөн.

**Сунуштама**

Аныкталган каржы бузуулар боюнча аудит материалдары укуктук баа берүү үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук коопсуздук мамлекеттик

комитетинин Ысык-Көл областы боюнча башкармалыгына жөнөтүлгөнү эске алынсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кадамжай психоневрологиялык социалдык стационардык мекемесинде гуманитардык жардамды текшерүү учурунда базар баасы 104,1 миң сомду түзгөн 34 уктоочу каптардын жетишсиздиги табылган, аудиттин жүрүшүндө мекеменин эсебине кайтарылды.

Токмоктогу №1 психоневрологиялык социалдык стационардык мекемесинде товардык-материалдык баалуулуктарга тандалма аудит жүргүзүүдө 163,9 миң сом суммасындагы ашыкча сумма табылган, анын ичинде базар баасы 105,4 миң сом болгон 6200 кг буудай жана наркы 58,5 миң сом болгон саман. Аудиттин жүрүшүндө бухгалтердик эсепке кириштелди.

**Сунуштама**

Аныкталган каржы бузуулар боюнча аудиттин жүрүшүндө мекеменин эсебине кайтарылганы жана бухгалтердик эсепке кириштелгени эске алынсын. Каржы бузууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчиликтери каралсын.

*Каражаттарды чыгымдоодо эреже бузуулар жана кем чыгуулар*

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Иш сапарлар чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтомунун талаптарын бузуу менен иш сапар чыгымдары 72,5 миң сом суммасында ашыкча төлөнгөн, алардын ичинен:

- Республикалык медициналык-социалдык экспертиза борбору - 50,7 миң сом (*аудиттин жүрүшүндө 27,6 миң сом калыбына келтирилди*);
- Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борбору – 16,0 миң сом;
- Аксы райондук башкармалыгы - 3,5 миң сом;
- Кызыл-Кыя шаардык башкармалыгы - 2,3 миң сом.

Жалал-Абад райондор аралык МСЭКтин эксперт-врачы А.Омуралиевдин Бишкек шаарына болгон иш сапарында (2022-жылдын февраль айында) мейманкана чыгымдары суткасына 5943 сомду түзүп, мейманкана чыгымдарын ашыкча жогорулаткан фактылар байкалган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы № 471 “Иш сапарлар чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруу тартиби жөнүндө” токтомунун талаптарын бузууларга жол берген кызматкерлердин жоопкерчилиги каралсын жана ашыкча төлөнгөн 44,9 миң сом суммасында иш сапар чыгымдары калыбына келтирилсин.

**Аныкталды жана Корутунду**

Жарандарды чет өлкөдө ишке орноштуруу борборунда ырастоочу документтери жок 929 литр бензин 61,0 миң сом суммасында эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

Күнөөлүү адамдардын эсебинен ырастоочу документтери жок эсептен

чыгарылган 61,0 миң сом суммасындагы бензин калыбына келтирилсин;

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча" жобонун 246-пунктун бузууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемеси республикалык бюджеттин эсебинен (99,55%) "Калкка социалдык жардам боюнча жөлөкпул" чыгашалар беренеси боюнча жана 0,45% акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрдөн түшкөн каражаттардын эсебинен каржыланат.

2022-жылы Ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдарды реабилитациялоо борборунун коммуналдык чыгымдары 1 011,5 миң сом суммасында республикалык бюджеттин каражаттарынын эсебинен Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемесинин чыгымдарына киргизилип, республикалык бюджеттин каражаттардын максатсыз чыгымдалышына алып келген.

**Сунуштама**

Бюджеттик каражаттарды натыйжалуу жана максаттуу пайдалануу боюнча көзөмөл күчөтүлсүн.

Майыптыгы бар адамдарды реабилитациялоо борборунун коммуналдык кызматтарынын чыгымдарын каржылоону бөлүштүрүү маселеси каралсын.

*Эмгек акы төлөөдөгү мыйзам бузуулар*

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген "Оор жумуштар жана зыяндуу же кооптуу жумуштарда иштегендер үчүн кошумча акы белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун 3-пунктун бузуу менен жамааттык келишимде же башка документте жумуш орундарынын зыяндуулук даражасын аныктабастан, Министрликтин жана областтык башкармалыктардын буйруктарынын негизинде, Борбордук мамлекеттик илимий-изилдөө борбору жүргүзгөн электромагниттик талааларды өлчөө жыйынтыктарынын корутундусуна гана таянуу менен оор жумуштарда жана эмгек шарттары зыяндуу же кооптуу жумуштарда иштегендер үчүн кызматтык маянага 25% өлчөмүндө үстөк белгиленип, **32 325,6 миң сом** суммасында төлөмдөр жүргүзүлгөн, анын ичинен: үстөк акылар - 27 164,4 миң сом, камсыздандыруу төгүмдөрү (10%) - 2 716,4 миң сом, киреше салыгы (10%) - 2 444,8 миң сом (*тиркеме тиркелет*).

Мындан тышкары, "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" жобонун 42-главасынын 17-пункту Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы № 474 токтомуна ылайык күчүн жоготкондугуна карабастан, Чоң-Алай райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы тарабынан 2022-жылдын сентябрь айында

кызматкерлерге оор жумуштар жана зыяндуу жумуштар үчүн (компьютерде иштөө) **97,5 миң сом** суммасында үстөк акы төлөнгөн.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 токтому менен бекитилген “Оор жумуштар жана зыяндуу же кооптуу жумуштарда иштегендер үчүн кошумча акы белгилөөнүн тартиби жөнүндө” жобонун 3-пунктунун талаптарын бузууга жана “Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегинде (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар)” каралбаган үстөк акы төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Төмөнкү-Серафимовкадагы Б. Салиева атындагы социалдык стационардык мекемесинин Уставынын 1.5 пунктуна ылайык, мекеменин кубаттуулугу 500 койко-орунду түзөт. 2018-2022-жылдары орто эсеп менен долбоорлонгон кубаттуулуктан 350 адамга же 60-70%га толтурулган, бирок эмгек акыны эсептөө жана төлөө 2018-жылы бекитилген 500 койко-орунга эсептелген штаттык ырааттаманын негизинде жүргүзүлгөн. Жыйынтыгында, 48 штаттык бирдикти 456,8 миң сом суммасында айлык эмгек акы төлөө фонду менен ашыкча күтүү аныкталды, мында штатты оптималдаштырууда жылдык эмгек акы төлөө фонду боюнча бюджеттик каражаттарды үнөмдөө эсептик 5481,6 миң сомду түзөт.

Мындан тышкары, Токмоктогу №2 психоневрологиялык социалдык стационардык мекемесинде электр жылытуу системасына өткөндүгүнө жана от жаккычтардын жоктугуна карабастан, б.а. мекемеде реалдуу муктаждыктын жоктугуна карабастан штаттык ырааттама боюнча от жаккычтардын 4,0 штаттык бирдик каралган.

**Сунуштама**

Төмөнкү-Серафимовкадагы Б. Салиева атындагы жана Токмоктогу №2 психоневрологиялык социалдык стационардык мекемелеринин штаттык ырааттамалары Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы №184 “Кыргыз Республикасынын калкын социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунун 18-тиркемеси “Ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген адамдар үчүн реабилитациялоо борборлорунун административдик-чарбалык жана медициналык персоналынын типтүү штаттарына” ылайык, мекеменин иш жүзүндөгү кубаттуулугунун жана муктаждыктарынын негизинде иштелип чыгып бекитилсин.

**Аныкталды жана Корутунду**

Бишкек шаарынын Биринчи май административдик районунун социалдык өнүктүрүү башкармалыгында баалоонун жыйынтыгы боюнча иштебеген кызматкерлердин ордун убактылуу алмаштырган кызматкерлерге **111,2 миң сом** суммасында кварталдык сый акылар негизсиз төлөнүп берилген.

**Сунуштама**

Иштебеген кызматкерлердин ордун убактылуу алмаштырган кызматкерлерге кварталдык сый акыларды төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилигин каралсын

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын 3-пунктунун 6-пунктчасын бузуу менен иштин сапаты жана татаалдыгы эске алынбай, 2022-жылдын сентябрь айынын аягында бардык кызматкерлерге толук 3 ай үчүн 100% көлөмүндө **723,0 миң сом** өлчөмүндө кварталдык сый акылар ашыкча төлөнгөн, анын ичинде: Кызыл-Кыя шаардык башкармалыгында - 103,7 миң сом, Ноокен райондук башкармалыгында - 43,2 миң сом, Аксы райондук башкармалыгында - 210,0 миң сом, Базар-Коргон райондук башкармалыгында - 366,1 миң сом.

Мындан тышкары, Талас райондор аралык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 21-декабрындагы №401 Жарлыгына ылайык, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын 3-пунктунун 6-пунктчасы күчүн жоготкондугуна карабастан, профсоюз комитетинин чечими менен 2022-жылдын IV кварталына **427,1 миң сом** суммасында сый акы төлөнгөн, анын ичинде 2022-жылдын октябрь айында - 218,2 миң сом, ноябрь айында - 208,9 сом жана Социалдык фондго **73,7 миң сом** которулган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын талаптарын бузуу менен кварталдык сый акыларды төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча кызматында 2022-жылы "Эмгек акы" беренесинин чыгашалар сметасында көрсөтүлбөгөн, бюджеттик каражаттардын эсебинен үч кызматкерге **4,5 миң сом** суммасында материалдык жардам төлөнгөн.

**Сунуштама**

Мекеменин чыгашалар сметасында көрсөтүлбөгөн материалдык жардамдарды төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Токмоктогу №1 психоневрологиялык социалдык стационардык мекемесинде Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 125,128-беренелеринин талаптарын сактабай, 2023-жылдын эмгек өргүүсүнүн бекитилген графиги жок, мекеменин буйругу менен 2022-жылы 15 кызматкерге **502,7 миң сом** суммасында эмгек өргүү берилген, б.а. келерки мезгилге.

Мындан тышкары, жетекчинин буйругу жок учурда **1 443,1 миң сом** суммасында сый акы төлөнгөн.

**Сунуштама**

Эмгек өргүү берүүдө Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 125,128-беренелеринин талаптарын сактоо камсыз кылынсын.

Буйрук жок шартта сый акы төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемесинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 “Кыргыз Республикасынын калкын социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунда каралбагандыгына карабастан - **1028,4 миң сом** өлчөмүндө сый акы жана Социалдык фондго **177,4 миң сом** төлөнгөн;

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 “Кыргыз Республикасынын калкын социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтому бекитилген, “Калкты социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” жобонун 5-пунктун бузуу менен протездик-ортопедиялык буюмду чыгаруу планын аткарбаган шартта административдик-башкаруу персоналына эмгекке катышуу коэффициенти (ЭКК) 65%дан 115%га чейин **412,5 миң сом**, Социалдык фондго **71,1 миң сом** суммасында төлөнгөн.

**Сунуштама**

Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемесинде Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-мартындагы № 184 “Кыргыз Республикасынын калкын социалдык камсыздоо системасынын кызматкерлерине эмгек акы төлөөнүн шарттары жөнүндө” токтомунда каралбаган сый акы төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын жана мындан ары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралбаган ар кандай төлөөлөргө жол берилбесин.

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 55,74,167-беренелерин бузуу менен бош кызматтык орундарды айкалыштырууда **348,2 миң сом** суммасында үстөк акы негизсиз төлөнгөн, анын ичинде: Чүй райондук

башкармалыгында - 44,9 миң сом, Өзгөн райондук башкармалыгында - 21,4 миң сом, Аксы райондук башкармалыгында - 66,5 миң сом, Кадамжай райондук башкармалыгында - 215,4 миң сом.

Бишкек шаарынын Свердлов райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыгында Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодексинин 106,107 беренелеринин талаптарын бузуу менен Башкармалыктын буйругу менен ченемделбеген иш графиги үчүн айлык акынын 10 % өлчөмүндө **394,3 миң сом** суммасында (социалдык чегерүүлөр кошкондо) кошумча төлөм эсептелген. Иш күнүнүн каттоо табелинде кошумча иш убактысы белгиленген эмес, көрсөтүлгөн иштин шарты жана үстөк акы жамааттык келишимде каралган эмес.

Кадамжай райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгында Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын 4-пунктун бузуу менен 25% өлчөмүндө иштин татаалдыгы, сапаты, иштин жыйынтыгы, кесиптик демилге көрсөткөндүгү жана ченемге салынбаган иштин режими үчүн **226,6 миң сом** суммасында үстөк акы төлөнгөн.

**Сунуштама**

Чүй, Өзгөн, Аксы жана Кадамжай райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыктарында, Бишкек шаарынын Свердлов райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыгында кошумча төлөм, кварталдык сый акы, үстөк акыны ашыкча төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

*Транспорт каражаттары*

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана кызматтык автотранспорт каражаттарын пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомун 4-пунктун бузуу менен Министрликтин түзүмдүк бөлүмдөрүндө кыймылдаткычынын көлөмү 2700 куб.см ашкан 6 жеңил унаа катталган, анын ичинде:

| Уюмдун аталышы | Транспорт каражатынын маркасы | Мамлекеттик номур | Кыйылдаткычтын көлөмү |
|---|---|---|---|
| Көндүмдөрдү өнүктүрүү фонду | Мерседес S500 | 01KG 727AJ | 4966 |
| МСЭ республикалык борбору | Мерседес 320 | 01 KG 709AA | 3199 |
| ЭСКММ | Тойота прадо | 01 KG 700 AN | 3000 |
| Нижнесерафимовка ССМ | Тойота ленд круизер | 05 KG 369AC | 4477 |
| Жайыл ЭСКМРБ | Мерседес 320 | 01 KG 073AJ | 3199 |
| Талас ЭСКМРБ | Тойота ленд круизер | AB849005 | 4829 |

Мындан тышкары, Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудиттеринин жыйынтыктары боюнча берилген жазма буйруктарга карабастан, жогоруда аталган токтомдун 2-пунктун бузуу менен

Министрликтин тутумунда белгиленген лимиттен ашык 16 автоунаа бар, алардын айрымдары иштебей турган абалда.

Белгилей кетсек, 2022-жылы Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы 137-б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" Жобонун талаптары сакталбай Министрликтин буйругунун негизинде райондук шаардык бөлүмдөрдүн балансындагы автотранспорт каражаттары эсептен чыгарылган.

**Сунуштама**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтомунун талаптарын аткарууну камсыз кылуу максатында, лимиттен ашык жана кыймылдаткычынын көлөмү 2700 куб.см ашкан автоунааларды кармоо маселеси каралсын.

Райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармаларынын транспорт каражаттарын баланстан чыгаруу боюнча иш кагаздарын белгиленген тартипке ылайык камсыздоо боюнча максаттуу иштер жүргүзүлсүн.

*Нормативден ашыкча запастардын жана дебитордук карыздардын калдыгы*

**Аныкталды жана Корутунду**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген "Бюджеттик мекемелерди каржылоодо ар жылдык отчеттор боюнча эсеп-кысаптарда товардык-материалдык баалуулуктардын ашыкча запастарын жана фонддордун калдыктарын эсепке алуунун тартиби жөнүндө" Нускамага ылайык, товардык-материалдык запастардын ашыкча калдыктары жана дебитордук карыздар **2717,6 миң сом** түзгөн, анын ичинен:

- товарлардын жана материалдардын ашыкча запастары – 1 455,2 миң сом: (*Сузак майыптар үйү - 122,0 миң сом, Сокулук майып балдар үйү - 50,5 миң сом, Ак-Суу психоневрологиялык социалдык стационардык мекемеси - 904,6 миң сом, Покровка социалдык стационардык мекемеси - 271,0 миң сом, Аксы райондук башкармалык - 34,7 миң сом, Кочкор райондук башкармалык - 62,6 миң сом; Кара-Суу райондук башкармалык - 9,8 миң сом);*

- дебитордук карыздар – 1 262,4 миң сом *(Эмгек мыйзамдарын контролдоо жана көзөмөлдөө боюнча кызматы - 34,0 миң сом, Сузак майыптар үйү - 408,5 миң сом, Покровка АПССМ - 267,4 миң сом; райондук жана шаардык башкармалыктар: Сокулук - 88,9 миң сом, Кара-Кулжа - 50,8 миң сом, Чоң-Алай - 62,3 миң сом, Жалал-Абад - 11,2 миң сом, Сузак - 21,3 миң сом, Аксы - 23,7 миң сом, Кадамжай -75,8 миң сом, Ак-Суу- 47,1 миң сом, Ат-Башы - 35,6 миң сом, Нарын -135,8 миң сом).*

Кассада калган каражаттардын калдыгы – *Республикалык протездик-ортопедиялык буюмдар мекемесинде - 4743,3 миң сом.*

**Сунуштама**

Мындан ары Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускаманын талаптары так сакталсын.

*Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигине*

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттардын калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” Нускамага ылайык, 2024-жылы каржылоодо 2022-жылдын аягына карата 2717,6 миң сом суммасында товардык-материалдык запастардын ашыкча калдыктары жана дебитордук карыздар, 2023-жылы өздөштүрүүнү эске алуу менен, талдоонун жыйынтыгы боюнча эсепке алынсын.

*“Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарынын сакталышына аудит*

**Аныкталды жана Корутунду**

Ак-Суу психоневрологиялык жана Бакай-Ата социалдык стационардык мекемелеринде, ДМЧАлар үчүн Сокулук жана Жайыл реабилитациялык борборлорунда, Алай жана Ат-Башы райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыктарында контрактын аткарылышын кепилдик камсыздоо белгиленген эмес.

Ак-Суу психоневрологиялык социалдык стационардык мекемесинде, Бишкек шаарынын Октябрь райондук социалдык өнүктүрүү башкармалыгында, Чоң-Алай жана Ак-Суу райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыктарында сатып алынуучу товарлардын, жумуштардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларына мониторинг жүргүзүлгөн эмес.

Райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыктарында келишимдерде каралбаган жалпы 522,4 миң сом суммасында авансык төлөмдөр жүргүзүлгөн, анын ичинде: Сокулук - 103,2 миң сом, Өзгөн - 10,4 миң сом, Базар-Коргон - 80,3 миң сом, Ноокен - 52,2 миң сом, Аксы - 43,0 миң сом, Кадамжай - 167,7 миң сом, Нарын - 65,6 миң сом.

Кочкор райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы көмүр сатып алууда, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2022-жылдын 17-майындагы № 85-б буйругу менен бекитилген, “Электрондук мамлекеттик сатып алууларды өткөрүүнүн

тартибинин” 42-пунктун бузуу менен техникалык өзгөчөлүктөрдө чыгарылган жердин аталышы “Кара-Кече көмүр кенинен” деп көрсөтүлгөн.

Социалдык коргоо департаменти тарабынан мамлекеттик сатып алууларды пландаштырууда 2 058,4 миң сом ашыкча көрсөтүлгөнү аныкталган.

**Сунуштама**

Мамлекеттик сатып алууларды жүргүзүүдө “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы жетекчиликке алынсын жана мыйзам бузууларга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

**Аныкталды жана Корутунду**

Аймактык эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыктарында Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү жөнүндө” жобонун 577-пунктунун талаптары сакталбай, аянты 6197,79 м.кв. жер тилкелери балансха чагылдырылган эмес, анын ичинде: Лейлек - 2248,92 м.кв.; Баткен - 1400,0 м.кв; Араван – 1300,0 м.кв; Ала-Бука – 1248,87 м.кв.

Аудиттин жүрүшүндө Араван райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция башкармалыгы тарабынан көз карандысыз баа берилип, базар наркы 11 661,0 миң сом болгон жалпы аянты 1300,0 м.кв. жер участогу каттоого алынды.

**Сунуштама**

Жер участогунун базар наркын аныктоо жана жер участокторун (Лейлек райондук эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция аймактык башкармалыгы - 2248,92 м.кв., Баткен -1400,0 м.кв, Ала-Бука - 1248,87 м.кв.) балансха өткөрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**Аныкталды жана Корутунду**

Токмоктогу №1 психоневрологиялык социалдык стационардык мекемесинде 19.05.2010-жылдагы № 011657 сериясындагы Жер участогуна болгон мамлекеттик актысына ылайык мекеменин жер участогунун жалпы аянты 4,5га түзөт, ошол эле учурда 24,7га жер аянты (болжолдуу баасы 9880,0 миң сом) мекеменин балансында актив катары эсептелген эмес. Укуктуулугун тактаган документтердин жоктугунан мекеме жер участогун жоготуп алуу коркунучу бар.

**Сунуштама**

24,7га жер участогуна укуктуулугун аныктаган документтерди (мамлекеттик акт) алуу чаралары жана жер участокторун балансха алуу максатында аны баалоо боюнча иш-чаралар жүргүзүлсүн.

**Аныктоо жана Корутунду**

Покровкадагы аралаш психоневрологиялык социалдык стационардык мекемесинде “Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Кодексинин 101-беренесинин 2-пунктунун талаптарын бузуу менен

2022-жылы антенна-фидердик курулмаларды жайгаштыруу жана орнотуу үчүн аянтты берүү үчүн республикалык бюджеттин кирешесине багытталбай **264,0 миң сом** суммасында акча каражаты мекеменин эсебине түшкөн (“Скай Мобайл” ЖЧКсы 144,0 миң сом, “Нур Телеком” ЖЧКсы - 120,0 миң сом).

Министрликтин 2022-жылдын 26-сентябрындагы №44 тескемеси менен белгиленген 42,494 миң кВт саат электр энергиясын 161,9 миң сомго ашыкча пайдаланылган.

**Сунуштама**

“Салыктык эмес кирешелер жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Кодексинин 101-беренесинин 2-пунктунун талаптарына ылайык антенналык-фидердик курулмаларды жайгаштыруу жана орнотуу үчүн аянттарды бергендиги үчүн, республикалык бюджеттин кирешесине 264,0 миң сом суммасында ижара акысын которуу камсыз кылынсын.

Электр энергиясын белгиленген лимиттен ашыкча пайдаланууга жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчиликтери каралсын.

Жалпысынан Министрлик боюнча жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен **149944,2 миң сом** суммасында финансылык тартип бузуулар, республикалык бюджеттин кирешелеринин резервдери жана жоготуулары, ошондой эле бюджетке сарамжалсыз пайдаланылган каражаттар аныкталган, анын ичинен:

**2151,5 миң сом суммасында финансылык бузуулар,** анын ичинен:

➢акча каражаттарынын жана товардык-материалдык баалуулуктардын кем чыгуу жана уурдоо фактылары – 1006,5 миң сом суммасында, аудиттин жүрүшүндө 268,0 миң сом калыбына келтирилген, ал эми 738,5 миң сом боюнча укук коргоо органдары тарабынан текшерүү жүргүзүлүүдө.

➢каражаттарды чыгымдоодо эреже бузуулар жана кем чыгуулар - 1145,0 миң сом, анын ичинен:

•иш сапарларына кеткен чыгымдарды негизсиз эсептен чыгаруу -72,5 миң сом, аудиттин жүрүшүндө 27,6 миң сом калыбына келтирилген;

•ырастоочу документи жок товардык-материалдык баалуулуктарды эсептен чыгаруу - 61,0 миң сом

•бюджеттик каражаттарды максатсыз пайдалануу – 1 011,5 миң сом.

**Кошумча чегерилген бюджеттин кирешелери - 264,0 миң сом** (бюджетке которулуучу ижара акы).

**Бюджеттин резервдери жана жоготуулары – 147528,7 миң сом**, анын ичинен:

•бюджеттик мекемелердин ашыкча каржыланышы – 20352,7 миң сом;

•эмгек акы төлөөдөгү бузуулар – 43 876,2 миң сом;

•бюджеттин башка жоготуулары жана резерви – 83299,8 миң сом.

**Рационалдуу эмес колдонулган каражаттар - 7460,9 миң сом,** анын ичинен:

- товардык-материалдык баалуулуктардын жана эсептөөдөгү каражаттардын ченемден тышкары запастары жана дебитордук карыздар – 2717,6 миң сом;
- жылдын аягында бюджеттик мекемелерде накталай бюджеттик каражаттардын пайдаланылбаган калдыктары – 4 743,3 миң сом.

**Аудитор** **В.А. Садовников**